| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br>ЛЕБЕДИНОВКА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ<br>XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br>ЛЕБЕДИНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>XXVIII СОЗЫВ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

«14» сентябрь 2022 ж.г. № 12-1

Лебединовка айылы
село Лебединовка

## «Лебединовкасууканал» муниципалдык ишканасы тарабынан ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды алуу боюнча кызмат көрсөтүүгө тарифтерди бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамынын 27-беренесинин 4-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигине караштуу монополияга жөнгө салуу кызматынын Чүй областык бөлүмүнүн 2022-жылдын 26-июлундагы № 27 буйругунун, 2022-жылдын 9-сентябрындагы Лебединовка айылдык кеңешинин бюджет, экономика, муниципалдык менчик, айыл чарбасы, энергетика, инвестиция, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын протоколдук чечиминин негизинде, Лебединовка айылдык кеңешинин 12 кезектеги сессиясы

**Т О К Т О М** кылат:

1. 2022-жылдын 1-сентябрынан баштап «Лебединовкасууканал» муниципалдык ишканасы тарабынан ичүүчү суу менен камсыз кылуу жана саркынды сууларды алуу боюнча кызмат көрсөтүүгө тарифтер 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. «Лебединовкасууканал» муниципалдык ишканасынын директоруна (А.Р.Усенов):

- жаңы тариф жөнүндө маалымат жалпыга маалымдоо каражаттары, ватсапгруппалар аркылуу жана жашоочулардын чогулуштарында Лебединовка айылдык аймагынын керектөөчүлөрүнүн маалыматына жеткирилсин.

3. Бул токтом юстиция органдарынан катоодон өткөрүлсүн.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Лебединовка айыл өкмөтүнүн башчысы Качкынбай у А.

**Лебединовка айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **К.К.Умурбаев**